# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТУУГАН–ТУУШКАНДЫК МАМИЛЕГЕ БАЙЛАНЫШТУУ ТЕРМИНОЛОГИЯЛЫК ЛЕКСИКАСЫ

# KIRGIZ HALKININ AKRABALIKLA İLGİLİ TERİMLERİ

# ТЕРМИНЫ, ОТРАЖАЮЩИЕ РОДСТВЕНЫЕ ОТНОШЕНИЯ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

**Э.Т. ТӨЛӨКОВА, Ш.Х. НАСИРОВ**

Азыркы мезгилде жаштарыбыз кыргыз элинин тууган–туушкандыкка байланыштуу терминдерин колдонууда бир аз кыйналышат, чаташты–рышат же кээ бирлери ал сөздөрдү толук билишпейт. Бул көрүнүш жеке эле кыргыздарга эмес, башка улуттун өкүлдөрүнө да таандык. Анткени кыргыз элинин тууган–туушкандык терминдери өтө көп. Ал терминдер биз көрүп билген тууган–туушкандык мамиледен баштап, биз көрүп билбеген тууган–туушкандык мамилеге чейинки ар түрдүү бардык катмарды (муунду) өз кучагына алат. Ошондуктан, кыргызстанда жаша–гандар дагы, чет өлкөлүктөр дагы бул терминдердин маани–мазмунун кеңири билгиси келгендигин айтып жүрүшөт. Бул макалада кыргыз элинин тууган–туушкандыкка байланыштуу терминдерин белгилүү бир өзгөчөлүгү боюнча системалаштырууга аракет кылдык.

*Şu anda Kırgız halkının özellikle gençleri, akrabalık terimlerini kullanmakta büyük zorluk çekiyorlar; bazıları onları birbirine karıştırıyorlar veya çok az biliyorlar. Çünkü Kırgız halkı, tarih boyunca akrabalık ilişkilerine çok önem vermiş ve bu yüzden de Kırgızcada çok zengin bir akrabalık terminolojisi ortaya çıkmıştır.*

*Bu terimler, herkesin bilip kullandığı yakın akrabalık isimlerinden başlayıp günümüzde artık unutulmuş olan her türlü uzak akrabalık derecelerini de kapsayan çok geniş bir terminolojik silsile oluşturur. Bu yüzden günümüz Kırgız halkı ve başka ülkelerden gelen insanlar bu terimleri bütün ayrıntılarıyla öğrenmek isetmektedirler. Bu makalede, Kırgız kültüründe mevcut akrabalık isimlerinin tamamı, sistematik olarak tasnif edilmiştir.*

В настоящее время современная кыргызская молодежь путает или не знает многие термины, обозначающие родственные отношения кыргызского народа. Это тем более относится и к людям других национальностей. Между тем таких терминов в кыргызском языке очень много. Они охватывают весь многообразный спектр отношений (связей) между всеми мыслимыми и немыслимыми родственниками. Поэтому коренное население Кыргызстана, а также иностранцы выражают большое желание разобраться в этих терминах. В этой статье была сделана попытка их систематизировать по определенным признакам.

**I. Кыргыз элинин тууган–туушкандык мамилеге байланыштуу терминдеринин классификациясы/*Kırgız halkının akrabalıkla ilğili terimleri-***

***nin sınıflandırılması*/Классификация терминов, отражающие родственные отношения кыргызского народа**

Кыргыз элинин тууган—туушкандык мамилеге байланыштуу терминдери үчкө бөлүнөт. /*Kırgız halkının akrabalıkla ilğili terimleri üç gruba ayrılır.*/ Термины, отражающие родственые отношения кыргызского народа, делятся на три группы:

1. кан боюнча /*kan bağına göre*/ по крови;
2. нике боюнча /*nikah bağına göre*/ по браку;
3. жалпы терминдер /*genel olarak kullanılmış olan terimler*/ общие термины.

**1. Кан боюнча жакындыкты атаган терминдер өз ичинен төрт топко бөлүнөт: /*Kan bağına göre yakınlığı bildiren terimler kendi arasında dört gruba* ayrılır:/ Термины, отражающие кровные родственные отношения подразделяются на четыре подгруппы:**

a) Ата тарабы боюнча туугандык жакындыкты атаган терминдер /*Baba tarafı açısından yakınlığı bildiren terimler*/ Термины, отражающие родственные отношения по отцовской линии: *ата, апа, эне, бала, уул, кыз, чоң ата, чоң эне, небере, чөбөрө, жети ата, муун, урук, урпак, укум—тукум, ата—баба.*

b) Эненин тууган—уруктарын атаган терминдер /*Anne tarafı açısından yakınlığı bildiren terimler*/ Термины, указывающие родственников по материнской линии: *таене (тай эне), таята (тай ата), таяке (тай аке), таеже (тай эже), таажеңе, таажезде, бөлө.*

c) Бир туугандар арасындагы мамилени туюнткан терминдер /*Kardeşler arasındaki yakınlığı bildiren terimler*/ Термины, отражающие отношения между братьями и сестрами: *ага, аба, байке, эже, сиңди, карындаш, ини, аталаш тууган, энелеш тууган, бир тууган, эгиз, киндиктеш, эмчектеш, жатындаш, эже—сиңди, ага—ини.*

d) Кан боюнча жакын эместикти, бирок туугандык мамилеси боюнча жакындыкты атаган терминдер /*Kan bağına göre yakınlığı olmayan, fakat akrabalık bağlı yakınlığı bildiren terimler*/ Термины, отражающие родственные отношения, хотя эти отношения являются не кровными (эти термины мы включили в первую группу, так как они являются близкими членами семьи и связаны семейными узами): *асыранды, бакма* бала (уул, кыз), *өгөй эне, өгөй ата, өгөй кыз, өгөй уул, өгөй бала, өгөй бир тууган.*

**2. Нике боюнча жакындыкты атаган терминдер да өз ичинен төрт топко бөлүнөт:/ *Nikah bağına göre yakınlığı bildiren terimler de kendi arasında dört gruba* ayrılır:/ Термины, отражающие родственные отношения по браку подразделяются на четыре подгруппы:**

a) Келин менен күйөө баланы жана алардын жакын туугандарын атаган терминдер /*Gelin ve damadı ve onların akrabalarını bildiren terimler*/ Термины, указывающие зятя, невесты и их родственников: күйөө бала, келин, *куда, кудагый, кудача.*

b) Келин үчүн күйөөсүн жана анын тууган–уруктарын атаган терминдер /*Gelin için kocasını ve kayınlarını (kocasının akrabalarını) bildiren terimler*/ Термины, указывающие супруга (мужа) и его родственников: *күйөө, эр, жубай, жар, кайын, кайын ата (кайната), кайын эне (кайнене), кайын ага (кайнага), кайын ини (кайни), кайын эже (кайнеже), кайын сиңди.*

c) Күйөө бала үчүн аялын жана анын тууган–уруктарын атаган терминдер /*Damat için hanımını ve kayınlarını (hanımının akrabalarını) bildiren terimler*/ Термины, указывающие супругу (жену) и ее родственников: *келинчек, аял, зайып, жубай, жар, байбиче, токол, кайын–журт, кайын, кайын ата (кайната), кайын эне (кайнене), кайын ага (кайнага), кайын ини (кайни), кайын эже (кайнеже), бажа, балдыз.*

d) Күйөө балага/келинге карата алардын кичүү бир туугандары тарабынан кайрылуу иретинде айтылчу терминдер /*Damada/geline yönelik onların küçük kardeşleri tarafından söylenen kelimeler*/ Термины, исполь–зующиеся в речи при обращении к зятю/невестке младшими родствен–никами жены/мужа: *жезде/жеңе.*

**3. Тууган–туушкандык мамилени чагылдырган жалпы терминдер өз ичинен беш топко бөлүнөт: /*Akrabalıgı yansıtan genel terimler beş gruba ayırılır:*/ Общие термины, отражающие родственные отношения подразделяются на пять подгрупп:**

a) Үй–бүлө мүчөсүнүн абалын атаган терминдер /*Ailedeki insanların durumunu bildiren terimler*/ Термины, отражающие текущее состояние членов семьи: *жетим, жесир, тул, күч күйөө, үй–бүлөлүү, бойдок, ажырашкан, жубан, никелүү, кайындуу.*

b) Кыз–күйөө баш кошкон мезгилде күткөн жаңы ата энелерине карата айтылган терминдер /*Gençler evlendiginde seçilen yeni anne ve babaya bağlı terimler*/ Термины, появляющиеся в день свадьбы при выборе новых (посаженных) родителей: *өкүл ата, өкүл эне, өкүл кыз, өкүл уул (бала).*

c) Жаңы төрөлгөн баланын киндигин кескен адамга карата айтылчу терминдер /*Bebeğin göbeğini kesen babasına ve ebeye baglı terimler*/ Термины, появляющиеся при обрезании пуповины у новорожденного ребенка: *киндик эне, киндик ата.*

d) Туугандык жакындыкты атаган жалпы терминдер /*Akrabalıga baglı genel terimler* /Термины, отражающие общие родственные отношения: *тууган, кабырга тууган, карачечекей, өз, жээн, тай (тайы), таяке–жээн, бөлө, бажа, абысын, кайын, кайын–журт, төркүн, куда–сөөк, күндөш.*

e) Тууган–туушкандык мамилеге байланыштуу этиш сөздөр /*Akrabalık ilişkisi ile ilgili fiiller*/ Термины, отражающие родственные отно–шения и являюшиеся глаголами: *балалуу болуу, бала багып алуу, уул (кыз) төрөө, киндик эне болуу, киндик ата болуу, турмушка чыгуу, үйлөнүү, баш кошуу, турмуш куруу, бүлө кылуу, бүлө күтүү, так өтүү, кайындуу, никелүү, куда түшүү, кудалоо, кыз берүү, келин алуу, келиндүү болуу, күйө балалуу болуу, өкүл ата, өкүл эне коюу, ажырашуу, токол алуу.*

Мындан тышкары ***кайын*** жана ***төркүн*** сөздөрү үй–бүлөдөгү аялга да, эркекке да орток сөз болуп эсептелет. Башкача айтканда, аял үчүн өз туугандары – **төркүн**, эркекке өз туугандары – **төркүн** болот. Ошондой эле, күйөөсүнүн туугандары аялына, аялынын туугандары күйөөсүнө **кайын** болот. **Кыз** терминин кыз турмушка чыккандан кийин кыздын төркүндөрү гана айтып, колдонот. Тактап айтканда, кыз карыганча төркүндөрү тарабынан **кыз** деп аталат.

*Bunun dışında **kayın** ve **hısım** (törkün) kelimeleri ailedeki hanım ve erkek için ortak kelime sayılır. Diğer bir söyleyişle kadın için kendi akrabaları **hısım** (törkün), erkek için de kendi akrabaları **hısım** olur. Bununla beraber damadın akrabaları hanımına. Hanımının akrabaları kocasına **kayın** olur. **Kız** terimini kız evlendikten sonra. sadece kızın hısımları kullanır. Yani kız yaşlansa bile akrabaları tarafından **kız** diye adlandırılır.*

Термины ***кайын*** и ***төркүн*** используются при обозначении своих родственников (***төркүн***) и родственников со стороны супруга(и) (***кайын***). Термин ***кыз*** также применяется к замужней женщине родственниками и закрепляется за ней до самой старости.

## II. Терминдердин синтаксисттик жана морфологиялык жол аркылуу түзүлүшү /*Terimlerin sözdizimi ve morfolojik yolla yapılması*/ Образование терминов синтаксическим и морфологическим путем

Тууган–туушкандыкка байланыштуу терминдердин түзүлүшүндө жана туугандык жакындык мамиленин туюндурулушунда грамматикалык жактан синтаксисттик ыкма менен морфологиялык ыкманын таасири чоң. /*Akrabalıkka ilgili terimlerin ve bu konudaki kelimelerin ortaya çıkmasında sözdizimi ve morfolojinin etkisi büyüktür.*/ К терминам, отражающие родственные отношения кыргызского народа, можно применить синтаксические и морфологические правила, вследствие чего образуются новые термины или возникают новые смысловые оттенки.

### 1. Тууган–туушкандык терминдеринин синтаксисттик жол менен түзүлүшү. /*Sözdizimi yolla kurulan akrabalıkla ilgili terimler*/ Термины, образованные синтаксическим путём.

**а.**Төмөнкү сөздөр аркылуу туугандыкка байланыштуу сөз айкаштары түзүлөт /*Aşağıdaki kelimelerle akrabalıka ilgili tamlamalar yapılır.*/ С помощью следующих нижеперечисленных слов образуются новые термины:

• **ата** сөзү аркылуу уюшулган сөз айкаштары /***ata*** kelimesi vasıtasıyla *kurulan kelime grupları*/ словосочетания, образованные при помощи слова **ата:** *ата–эне, ата–баба, жети–ата, чоң ата.*

• **тай** сөзү аркылуу уюшулган сөз айкаштары /***tay** kelimesi vasıtasıyla kurulan kelime grupları*/ словосочетания, образованные при помощи слова **тай:** *тай ата (таята), тай эне (таене), тай аке (таеке), тай эже (таеже), таажеңе, таажезде.*

• **кайын** сөзү аркылуу уюшулган сөз айкаштары /***kayın** kelimesi vasıtasıyla kurulan kelime grupları*/ словосочетания, образованные при помощи слова **кайын:** *кайын ата (кайната), кайын эне (кайнене), кайын*

*ага (кайнага), кайын эже (кайнеже), кайын ини (кайни), кайын сиңди, кайын журт.*

• **сөөк** сөзү аркылуу уюшулган сөз айкаштары /***söök*** *kelimesi vasıtasıyla kurulan kelime grupları*/ словосочетания, образованные при помощи слова **сөөк:** *куда–сөөк, сөөк–тамыр, өтмө катар сөөк.*

• **күйөө** сөзү аркылуу уюшулган сөз айкаштары /***küyöö*** *kelimesi vasıtasıyla kurulan kelime grupları*/ словосочетания, образованные при помощи слова **күйөө:** *күйөө бала, күйөө жолдош, күч күйөө, кыз–күйөө.*

• **өгөй** сөзү аркылуу уюшулган сөз айкаштары /***ögöy*** *kelimesi vasıtasıyla kurulan kelime grupları*/ словосочетания, образованные при помощи слова **өгөй:** *өгөй ата, өгөй эне, өгөй кыз, өгөй уул, өгөй бала, өгөй бир тууган.*

• **өкүл** сөзү аркылуу уюшулган сөз айкаштары /***ökül*** *kelimesi vasıtasıyla kurulan kelime grupları*/ словосочетания, образованные при помощи слова **өкүл:** *өкүл ата, өкүл эне, өкүл бала (уул), өкүл кыз.*

• **тууган** сөзү аркылуу уюшулган сөз айкаштары /***tuugan*** *kelimesi vasıtasıyla kurulan kelime grupları*/ словосочетания, образованные при помощи слова **тууган:** *бир тууган, аталаш тууган, энелеш тууган, тууган–урук, урук–тууган, тууган–туушкан, кабырга тууган.*

• **бала** сөзү аркылуу уюшулган сөз айкаштары /***bala*** *kelimesi vasıtasıyla kurulan kelime grupları*/ словосочетания, образованные при помощи слова **бала:** *бала–бакыра, бала–чака, өгөй бала, өз (карачечекей) бала, бакма (асыранды) бала, эмчектеш бала, киндиктеш бала, күйөө бала.*

**b.** Кош сөз түрүндө түзүлүп, жакындык, туугандык маанини билдирүү менен бирге аларды кандайдыр бир белгиси боюнча жалпылап атаган сөздөр /*Birleşik kelime yapısında kurulup, yakınlık, akrabalık anlamıyla, çokluk anlamı da bildiren kelimeler*/ Термины, образованные при помощи парных слов и объединяющие родственников по определенным признакам: *ата–баба, тууган–урук, урук–тууган, укум–тукум, жерге–жээк, тууган–туушкан, кайын–журт, бала–чака, бала–бакыра, сөөк–тамыр, ата–эне, үй–бүлө, таяке–жээн, куда–сөөк.*

**2. Тууган–туушкандык терминдеринин морфологиялык жол менен түзүлүшү /*Akrabalıkla ilgili terimlerin morfolojik usulle kuruluşu*/ Термины, образованные морофологическим путём.**

Тууган–туушкандык терминдерине таандык жана сөз жасоочу мүчөлөрдү улоого мүмкүн. Бул жерде берилген мисалдарды терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүшү үчүн сөздөрдүн котормосу үч тилде берилди/*Akrabalıkla ilgilii terimlere iyelik ve yapım eklerinin eklenmesi mümkündür*/ К терминам, отражающим родственные отношения, можно присоеди–нять притяжательные и словообразовательные аффиксы. Здесь для более лучшего понимания темы приведенные ниже термины даны на трех языках.

**a. Таандык мүчөлөр /*İyelik ekleri*/ Притяжательные аффиксы**. Тууган–туушкандык терминдерине таандык мүчөнүн жалганышы

аркылуу туугандык жакын мамиле туюндурулат. */İyelik ekleri vasıtasıyla yakın akrabalık ilişkisi belirtilir./* Присоединяя притяжательные аффиксы к терминам, последние приобретают оттенок близких родственных отношений:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Менин | ата**м** | *ben**im** baba**m*** | мой отец |
| Сенин | ата**ң** | *sen**in** bab**an*** | твой отец |
| Сиздин | ата**ңыз** | *siz**in** baba**nız*** | ваш отец |
| Анын | ата**сы** | *o**nun** baba**sı*** | его (её) отец |
| Биздин | ата**быз** | *biz**im** **b**aba**mız*** | наш отец |
| Силердин | ата**ңар** | *siz**in** baba**nız*** | ваш отец |
| Сиздердин | ата**ңыздар** | *siz**in** baba**nız*** | ваш отец |
| Алардын | ата**сы** | *onlar**ın** baba**sı*** | их отец |

Бирок жогорку мисалдардагы өтө жакындыкты туюндурган маани көптүк–**лар** мүчөсүнүн жалганышы аркылуу өзгөрүлүп, алысыраак жакындыкты билдирген мааниге айланат. */Fakat yukarıdaki örneklerde çok yakınlığı ifade eden anlam, çokluk –**lar** ekinin eklenmesi sonucunda değişip, uzak akrabalıkla ilgili bir anlam ifade edebilir./* Однако, если к терминам, имеющим притяжательные аффиксы, добавить аффикс множественного числа – **лар,** то они вместо оттенка близости приобретают оттенок дальних родственников.

Мисалы /Örnek/ Примеры:

• Бир тууган**ым**–жакын тууган маанисинде */kardeş anlamında/* близкий кровный родственник;

бир тууган**дар**ым– алыс тууган маанисинде */akrabam anlamında/* дальный(е) родственник(и).

• Эже**м**–бир тууган маанисинде */kardeş olan abla anlamında/* родная сестра;

эже**лер**им–алысыраак тууган маанисинде */kardeş olmayıp akraba olan abla anlamında/* двоюродная (троюродная и т.п., то есть дальняя) сестра.

• Ага**м** – бир тууган маанисинде */kardeş olan abi anlamında/* родной брат;

ага**лар**ым–алысыраак тууган маанисинде */kardeş olmayıp akraba olan abi anlamında/* двоюродный (троюродный и т.п., то есть дальный) брат.

**b.Сөз жасоочу мүчөлөр/Yapım ekleri/Словообразовательные аффиксы.** Куранды мүчөлөрдүн уңгу сөздөргө уланышы аркылуу туугандык жакындык мамиленин туюндурулушу */Yapım eklerinin kelime köklerine eklenmesi vasıtasıyla akrabalık ilişkilerinin ifade edilmesi/* При присоединении к терминам словообразовательных аффиксов, образуются новые термины:

• **–лЫк, – дЫк, –тЫк** (Ы тамгасы–ы, и, у, ү болуп өзгөрүлүшү мүмкүн // где Ы–ы, и, у, ү):

тууган**дык** жакындык */akrabalık ilişkisi; yakınlık, akrabalık derecesi/* родственная близость; тууган**дык** милдет */akrabalık görevi/* родственный долг;

эне**лик** милдет */annelik görevi/* материнский долг;

ата**лык** милдет */babalık görevi/* отцовский долг;

• **–лАш, –дАш, –тАш** (А тамгасы – а, е (э), о, ө болуп өзгөрүлүшү мүмкүн // где А – а, е (э), о, ө):

ата**лаш** тууган */anne ayrı; baba bir kardeş/* родственники от одного отца, но от разных матерей, единокровный;

эне**леш** тууган */baba ayrı; anne bir kardeş/* родственники от одной матери, но от разных отцов, единоутробный;

карын**даш** /kız kardeş (erkekler kızlara) bacı/ родная младшая сестра;

тек**теш** /soydaş/ родственный;

урук**таш** */aynı boydan olan/* родственный, одноплеменной;

уруу**лаш** */oymaktaş/* родственный, одноплеменной;

• **–сЫз** (Ы тамгасы – ы, и, у, ү болуп өзгөрүлүшү мүмкүн // где Ы – ы, и, у, ү) тангыч мүчөсү жакынынын жоктугун туюндуруучу куранды мүчө */**-sız** yokluk ekiyle bir kişinin bahsedilen yakınının olmadığı anlatılır/* при помощи отрицательной частицы –сЫз выражается отсутствие кого–либо:

эне**сиз** */anasız/* не имеюший матери;

ата**сыз** */babasız/* не имеющий отца;

эже**сиз** */ablasız/* не имеюший сестру;

куда**сыз** */dünürsüz/* не имеюший свата;

• **–лУУ, –дУУ, –тУУ** (УУ тамгасы–уу, үү болуп өзгөрүлүшү мүмкүн // где УУ–уу, үү): жакынын бар экендигин туюндуруучу куранды мүчө */Yakınının var olduğunu ifade eden yapım ekidir/* при помощи словообразовательных аффиксов–лУУ, –дУУ, –тУУ выражается наличие кого–либо:

эне**лүү** /*anneli*/ имеющий мать;

ата**луу** */babalı/* имеющий отца;

тууган**дуу** */kardeşli, akrabalı/* имеющий родственника(ов);

эже**лүү** */ablalı/* имеющий старшую сестру;

ага**луу** */ağabeyli/* имеющий старшего(их) брата(ьев);

бала**луу** */çocuklu/* имеющий детей;

күйөө бала**луу** /*damatlı*/ имеющий зятя(ьев);

үй—бүлө**лүү** /*aileli*/ имеющий семью, семейный.

• **–ча:** куда**ча** / *hısım (gelin ve damadın kız kardeşleri*)/ сватья (молодая родственница жениха, невесты)

• **–гый.** Түрк—монгол жалпылыгына тиешелүү, туугандык термин—дерден бир—эки гана зат атооч куроочу мүчө. «Куда**гый**» сөзү «куда» сөзүнөн түзүлүп, кыз алып, кыз берген жактар үчүн кыз — күйөөнүн энелери, чоң энелери же алардын абысындары; монголчо <u>худ</u> «куда» дегенди билдирет. /*Türk-Moğol halklarına ait olan ve sadece akrabalıkla ilgili bir-iki söz yapan ek. «Kuda**gıy**» «kuda» kelimesinden türetilip kız alıp kız veren taraflar için gelin ve damadın annelerini ve büyük annelerini ya da eltilerini anlatır. Moğolca 'hud' 'dünür' ifadesini verir*/ Этот аффикс используется во всех турко—монголских языках и образует всего один или два слова, которые как раз и отражают родственные отношения. Слово «куда**гый**» образован от слова «куда» и обозначает: 1) сватья; мать, жена брата жены сына (мужа дочери); мать и её снаха по отношению родственников жены сына (мужа дочери); 2) все родственники—женщины со стороны жены сына (мужа дочери). В монгольском языке «худ» имеет значение — «сват».

Кыргыз элинин тууган—туушкандыкка байланыштуу терминдери өтө кенен жана ал терминдердин маанисин, жашоодо колдонулушун ар тараптуу изилдесе болот. Бирок бир макалага бардык илимий изилдөөнү сыйдыруу мүмкүн эмес. Ошондуктан, бул макалада кыргыз элинин тууган—туушкандыкка байланыштуу терминдеринин жашоодо колдо—нулушун кеңири чагылдыруу максатында таблица жана макалада камтылган лексикалардын сөздүгү кыргыз, түрк, орус тилдеринде сунуш кылынды. Берилген сөздүктүн, таблицанын жардамы аркылуу кыргыз элинин тууган—туушкандыкка байланыштуу терминдеринин маани—мазмунун терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошондой эле, алардын жардамы аркылуу түрк жана орус эли да өз эне тилдеринде тууган—туушкандык мамилеге байланыштуу таблицасын оңой эле түзө алышат.

*Kırgız halkının akrabalıkla ilgili terimleri çok zengin. Bu terimlerin anlamını, günlük hayatta kullanılışını her yönden araştırmak mümkündür. Fakat bu makaleye bütün ilmî araştırmayı sığdırmak mümkün değil. Bu sebeple, bu makalede, Kırgız halkının akrabalıkla ilgili terimlerinin bugün de kullanılmakta olan şekillerini yansıtmak amacıyla aşağıdaki tablo yapılmıştır. Ayrıca makalede geçen kelimelerin Kırgızca, Rusça, Türkçe anlamları da verilmiştir. Verilen kelimelerin yardımıyla Kırgız halkının akrabalıkla ilgili terimlerinin anlamı ve içeriğinin tam olarak anlaşılması mümkün olacaktır. Verilen sözlük ve tablo yardımıyla Türk ve Rus halkları da kendi dillerindeki akrabalık adlarıyla ilgili tabloları yapabilirler.*

В кыргызском языке, термины, отражающие родственные отношения представлены очень богато. Но для того чтобы, глубже понять смысл этих терминов, их разнообразные оттенки при использовании в речи, необходимо исследовать в разных аспектах. В одном статье все это детально отразить невозможно. Поэтому, ниже прилагается краткий словарь терминов на кыргызском, турецком и русском языках. Далее за словарем прилагается таблица, отражающая родственные отношения кыргызского народа. Таблица и словарь помогут Вам

глубже понять родственные отношения и смысл терминов, описанных в данной статье. Кроме того, используя их, Вы легко можете построить таблицу, отражающую родственные отношения турецкого и русского народа.

### III. Кыргыз элинин тууган–туушкандыкка байланыштуу терминдеринин сөздүгү

### Kırgız halkının akrabalıkla ilğili terimlerinin sözlüğü

### Словарь терминов, отражающих родственные отношения кыргызского народа

| | | |
|---|---|---|
| аба | 1. amca , 2. ağabey, abi | старший брат |
| абысын | elti | сношеница (жена брата или родственника по отношению к жене другого брата или родственника) |
| абышка, карыя | yaşlı erkek | старик |
| ага | ağabey, büyük kardeş | старший брат |
| ага – ини | abi kardeş (erkek kardeşler için) | братья |
| ажырашкан | boşanmış | разведенный(ая) |
| ажырашуу | boşanmak | разводиться |
| апа | anne | мама |
| асыранды, бакма | evlatlık, besleme | приёмный (ребёнок) |
| ата | baba | папа, отец |
| ата – баба | ecdat, ced , ata | предки, отцы и деды |
| ата – эне | ana-baba | родители |
| аталаш тууган | anne ayrı; baba bir kardeş | родственники от одного отца, но от разных матерей; единокровный |
| аталык милдет | babalık görevi | отцовский долг |
| аял | kadın, bayan ; eş | 1. женщина; 2. жена, супруга |
| бажа | bacanak | свояк |
| байбиче | 1. büyük hanım; 2.yaşlı erkeğin yaşlı eşine seslenme bıçımı | жена (хозяйка) в пожилом возрасте |

| | | |
|---|---|---|
| байке | ağabey, abi | 1. старший брат; 2. обращение к старшему |
| бала | çocuk | ребенок |
| бала багып алуу | evlatlık almak | усыновить, удочерить |
| балалуу болуу | çocuk sahibi olmak | стать отцом, матерью |
| бала—чака, бала—бакыра | çoluk-çocuk | дети (по отношению к родителям) |
| бала—чакалуу, бала—бакыралуу | çoluk-çocuklu | семейный, многодетный, имеющий детей |
| балдыз | baldız | младшая сестра жены |
| баш кошуу, турмуш куруу | evlenmek | пожениться, выйти замуж |
| бир тууган | kardeş | кровный родственник, родной |
| бойдок | bekar | холостой, холостяк |
| бөлө | kuzen (teyze oğlu, teyze kızı) | кузен, кузина (дети сестер) |
| бүлө болуу | gelin olmak (bir ailenin içine gelin olarak gitmek) | войти в семью, стать членом семьи |
| бүлө кылуу | gelin almak (bir ailenin bir kızı gelin olarak kabul etmesi) | усыновить; войти в семью, стать членом семьи; принимать в семью |
| бүлө | aile | 1. член семьи (сын, дочь); 2. семья |
| жар | eş | 1. возлюбленная, возлюбленный, друг сердца; 2. Жена; супруг, супруга |
| жатындаш | öz (kardeş) | единоутробный |
| жеңе | yenge | 1. жена брата, 2. Тётушка |
| жезде | enişte | муж старшей сестры |
| жерге—жээк, жээк—жерге | sülâle | 1. родственники, живущие в различных местах; 2. Все родичи, близкие |
| жесир | dul | вдова, вдовец |
| жети ата | yedi ata, yedi nesil | семь прямых предков по мужской линии |
| жетим | yetim | сирота |

| | | |
|---|---|---|
| жубай | eş | 1. супруг, супруга; 2. Суженый, суженая |
| жубан | | молодая женщина, молодка; красотка |
| жуучу | dünürcü | сват, сваха (тот кто сватает) |
| жээн | yeğen | племянник |
| зайып | eş (kadın, bayan ) | супруга, жена |
| ини | küçük erkek kardeş | младший брат |
| кабырга тууган | uzak akraba | дальный родственник (родство, которое по старым обычаям допускало взаимные браки). |
| Кайын | kayın | родственник по мужу или жене |
| кайын ага, кайнага | kayın birader | старший брат мужа или жены |
| кайын ата, кайната | kayınpeder, kaynata, kayın baba | свёкр, тесть |
| кайын жеңе | yenge (kayın karısı) | жена старшего брата жены |
| кайын ини, кайни | kayın birader (küçük), kayın | младший брат мужа или жены |
| кайын синди | görümce (küçük) | младшая сестра мужа |
| кайын эже, кайнеже | görümce (büyük); 2. baldız (büyük) | старшая сестра мужа или жены |
| кайын эне, кайнене | kaynana, kayınvalide | свекровь, тёща |
| кайындоо | nişanlamak | засватать, просватать |
| кайындуу (кыз, жигит) | nişanlı | помолвленный парень, просватанная девица |
| кайын－журт | kız tarafı (damat için) | родственники жены |
| карачечекей, өз | öz | родной, родная |
| карындаш | kız kardeş (erkekler kızlara) bacı | младшая сестра (для мужчин) |
| келин | gelin | сноха, невеста |
| келин алуу, келиндүү болуу | gelin almak | приобрести (заиметь) невестку |

| | | |
|---|---|---|
| келинчек | genç gelin | молодая невестка, молодуха |
| кемпир | yaşlı kadın | старуха |
| киндик ата | bebeğin göbeğini kesen kişi | Отец новорожденного, обрезающий ему пуповину |
| киндик эне | ebe | женщина, обрезающая новорожденному пуповину |
| киндиктеш | iİkiz | единоутробный, близнецы |
| куда | 1.dünür, 2. Hısım (gelin ve damadın babaları birbirlerine hitap ederken), 3.(gelin ve damadın erkek kardeşleri birbirlerine) | 1. сват; отец, брат жены сына (мужа дочери); отец и его сыновья по отношению родственников жены сына (мужа дочери); 2. Все родственники – мужчины со стороны жены сына (мужа дочери). |
| куда– сөөк | hısım (kan bagı olmayan) | близкие свойственники, сваты и сватьи |
| куда түшүү | dünürlüğe gitmek | свататься, сватать |
| кудагый | dünür (*kız alıp kız veren taraflar için gelin ve damadın annelerini ve büyük annelerini ya da eltilerini anlatır)* | 1. сватья; мать, жена брата жены сына (мужа дочери); мать и ее сноха по отношению родственников жены сына (мужа дочери); 2. Все родственники – женщины со стороны жены сына (мужа дочери). |
| кудалашуу | dünür olmak | 1. породниться через брак своих детей или родственников; 2. По обычаю устраивать сватовство |
| кудача | hısım (gelin ve damadın kız kardeşle ri) | сватья (молодая родственница жениха, невесты) |
| күйөө балалуу болуу | damatlı olmak, kız evlendirmek | приобрести (заиметь) зятя |
| күч күйөө | iç güveyisi | примак, влазен (мужчина который, не имея средств на калым, жил и отрабатывал в доме будущего тестя, а после свадьбы оставался жить у него |
| күйөө бала, | damat, güvey | 1. жених, 2. Зять (в отноше– нии всех старших родствен– ников и родичей жены) |

| | | |
|---|---|---|
| күйөө жолдош | sağdıç | дружка (парень, сопровождающий жениха в его поездках к невесте) |
| күйөө, эр, жолдош | koca | муж |
| күндөш | kuma | жёны одного мужа по отношению к друг другу |
| кыз | kız | дочь |
| муун | nesil | поколение |
| небере | torun | внук |
| никелүү | nikâhlı | состоящий в законном (мусульманском) браке |
| өгөй | Üvey | свойственник, сводный (не кровный), неродной ребёнок |
| өгөй ата | üvey baba | отчим |
| өгөй бала | üvey çocuk | неродной ребенок; падчерица, пасынок |
| өгөй бир тууган | üvey kardeş | не родной(ая) брат, сестра |
| өгөй кыз | üvey kız | падчерица |
| өгөй уул | üvey oğul | пасынок |
| өгөй эне | üvey anne | мачеха |
| өкүл | vekil | доверенный, доверенное лицо, предствитель |
| өкүл ата | vekil baba (sagdıç) | посажёный отец |
| өкүл бала (уул) | vekil ogul | посажёный сын |
| өкүл кыз | vekil kız | посажёная дочь |
| өкүл эне | vekil anne (enge) | посажёная мать |
| өтмө катар сөөк | 1.degişik yapmak; 2.yedi nesil içinde yapılan kız alışverişi | свойственники, породнившиеся браками многих поколений |
| синди | kız kardeş (kızlar için), bacı | младшая сестра (для женщин) |
| сөөк | 1.kemik; 2.nikâha göre akrabalığı anlatan kelime. | свойственник, родственник по браку |

| | | |
|---|---|---|
| сөөк—тамыр | bir ailenin bütün dünürleri için kullanılan kelime. | сваты и приятели |
| тай, тайы | dayı | родство по материнской линии ( это родство распространяется на целые роды и колена; принято считать, что хорошие и плохие задатки человека передаются по этой линии) |
| таажеңе | yenge (dayı hanımı) | жена дяди по матери |
| таажезде | enişte (teyze kocası) | муж тети по матери |
| тай аке, таяке | dayı | дядя по матери |
| тай ата, таята | dede (annenin babası) | дедушка по матери |
| тай эже, таеже | Teyze | тётя по матери |
| тай эне, таене | nine (anneanne) | бабушка по матери |
| так өтүү | Hiç evlenmeden hayatını geçiren erkek ve bayan için kullanılır. | прожить жизнь в одиночестве (холостым, незамужней) |
| таяке—жээн | dayı yegen | дети братьев и дети сестер по отношении к друг другу |
| тек, ата теги, тек жайы | kök , soy | социальное происхождение |
| тектеш | soydaş | родственный |
| токол | kuma, eş | младшая жена (при живой старшей жене) |
| токол алуу | kuma, eş almak | взять вторую жену (при живой старшей жене) |
| төрөө | doğum, doğmak | родить |
| төркүн | hısım | родители и родня жены |
| тул | Dul (sadece kadın için) | вдова (жена после смерти мужа или невеста после смерти жениха) |
| турмушка чыгуу | evlenmek (kızlar için) | выйти замуж |
| тууган | akraba | родственник, родич |
| туугандык жакындык | akrabalık ilişkisi; yakınlık, akrabalık derecesi | 1. родственная связь; 2. степень родства |

| | | |
|---|---|---|
| тууган—туушкан, тууган—урук, урук—тууган | akrabalar | родственники |
| тууганчылык | akrabalık | родственность, родственные чувства |
| укум—тукум | atalar | предки |
| урпак | nesil | потомок, потомки, потомство |
| урук | boy | род, племя |
| урукташ | aynı boydan olan | родственный, одноплеменной |
| уруу | oymak | род, племя |
| уруулаш | oymaktaş | родственник, родич |
| уул | oğlan | сын |
| үй—бүлө | aile | семья |
| үй—бүлөлүү | evli, evli-barklı | семейный |
| үйлөнүү | evlenmek (erkek için) | жениться |
| чөбөрө | torun (torunun çocugu) ? | правнук |
| чоң апа, чоң эне | büyük anne (babaanne) | бабушка со стороны отца |
| чоң ата | büyük baba, dede (babanın babası) | дедушка со стороны отца |
| эгиз | ikiz | двойнашки, близнецы |
| эже | abla, hala | старшая сестра |
| эже—сиңди | abla kardeş (kız kardeşler için) | сёстры |
| эмчектеш | süt kardeşi | молочные братья; молочные сёстры |
| эне | anne | мать |
| энелеш тууган | baba ayrı; anne bir kardeş | родственники от одной матери, но от разных отцов |
| энелик милдет | annelik görevi | материнский долг |
| эр | 1.erkek; 2.koca(sı) | муж, мужчина |

*Кыргыз элинин тууган-туушкандык мамилесине байланыштуу таблица*



**A1 – эркекке карата:** Бир туугандар, алардын жубайлары жана балдары




**A2 – аялга карата:** Бир туугандар, алардын жубайлары жана балдары




В1. Аялдын жакын туугандары, алардын жубайлары - кайын-журт
1 - муун
0 - муун
-1 - муун
Кайната/кайын ата
Кайнене/кайын эне
Аялым
МЕН (эркек)
Кайната/кайын ага
Жене/кайын жене
Кайнеже/кайын эже
Жезде/бажа
Кайин/Кайын ини
Келин
Балдыз
Бажа
Күйөө бала
Жезде
Абысын


В2. Күйөөнүн жакын туугандары, алардын жубайлары - кайындар
1 - муун
0 - муун
-1 - муун
Кайната/кайын ата
Кайнене/кайын эне
Күйөөм
МЕН (аял)
Кайната/кайын ага
Кайын жене
Кайнеже/кайын эже
Жезде/кайын жезде
Кайин/Кайын ини
Келин
Кайын сиңди
Күйөө бала
Жеңе
Абысын
Бажа


C. Атанын бир туугандары, алардын жубайлары жана балдары
1 - муун
0 - муун
Анын күйөөсү
Жезде
Атанын эжеси
Эже
Ата
Атанын агасы
Аба
Анын аялы
Жене
Жээн
Аталаш тууган
Мен (эркек)
Мен (аял)
Таяке
Таеже
Аталаш тууган
Аталаш тууган
D. Апанын бир туугандары, алардын жубайлары жана балдары
1 - муун
0 - муун
Анын күйөөсү
Таажезде
Апанын эжеси
Таеже/тай эже
Апа
Апанын агасы
Таяке/тай аке
Анын аялы
Тааженe
Бөлө
Таеже, таяке
Мен (эркек)
Мен (аял)
Бөлө
Бөлө
Жээн
Жээн
E. Келиндин (күйөө баланын) жакын туугандары - куда-сөөк
0 - муун
-1 - муун
Мен (эркек)
Мен (аял)
Уул
Кыз
Уулумдун аялы - Келин
Кызымдын күйөөсү - Күйөө бала
Алардын энеси, жеңеси, келини
Кудагый
Алардын кыз бир тууганы
Кудача
Алардын атасы/агасы, иниси
Куда
Куда
Кудагый